# Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2021-2022-окуу жылы үчүн окуу-тарбия иштеринин отчёту

**Мектеп жамааты жалпы "Билим берүү" программасын аткаруу максатында өткөн 2021-2022-окуу жылында төмөнкүдөй милдеттердин жана максаттын үстүндө иш алып барды:**
**Максаты:** Сабакта жана тарбиялык иштерде окутуунун жаңы усулдарын кеңири колдонуп, чыгармачылык менен эмгектенүүнүн натыйжасында окуучулардын билим сапатын жогорулатуу менен жаңы муунду тарбиялоо.
**Милдеттери:**

1. Интерактивдүү усулдарды пайдаланып, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу.
2. Билим берүү программасынын үстүндө иштөө.
3. Шыктуу балдар менен иштөө.
4. Мектептин ата-эне, коомчулук менен болгон байланышты арттыруу.
5. Мамлекеттик программалардын үстүндө иштөө.
6. Начар окуган окуучулар менен иштөөнү тереңдетүү.
7. Мугалимдердин чыгармачылык менен сабак өтүүсүн өркүндөтүү.
8. Мектепти жогорку квалификациялуу кадрлар менен толуктоо.
9. Окуу китептерининин жана методикалык жабдууларды жакшыртуу жана санын арттыруу.
10. Мектептин материалдык -техникалык базасын жаңылоо жана чыңдоо аркылуу билим сапатын көтөрүү

Мектепте 2021-2022-окуу жылында 39 мугалим билим – тарбия берди.

| Бардык мугалимдер | Билими | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | баары | жогорку билимдүү | бакалавр | атайын орто билимдүү | орто |
| Аял | 36 | 29 | 1 | 2 | 4 |
| Эркек | 3 | 1 | 2 | | |
| Баары | 39 | 30 | 3 | 2 | 4 |

Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниктери – 8 мугалим.

Алар: 1. Сарытаева Д.Т. – мектеп директору
2. Абдыкадырова Г.А. – башталгыч класс мугалими
3. Ахтариева Р. – орус тили мугалими
4. Тойгонбаева Б.И. – башталгыч класс мугалими
5. Турдуматова А – башталгыч класс мугалими
6. Исакова А- орус тили мугалими
7. Умаралиева Т.-кыргыз тили мугалими
8. Эргешова Г.-башталгыч кл.мугалими

**Кызыл- Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы жетишкендиктери**

**Мектепте окуу- тарбия ишин сапаттуу ишке ашыруу жана мектептин материалдык- техникалык базасын чыңдоо максатында бир жыл ичинде төмөнкүдөй иштер жүргүзүлдү:**

**А)** Материалдык- техникалык базаны чыңдоо максатында

- 2020-2021-окуу жылында ата- энелердин демөөрчүлүгүнүн негизинде (34000сом) мектептин сырты акталды.
- 2020-2021- окуу жылындагы текущий ремоттун акчасынан мектептин коридорлорунун сынган 17 терезесинин айнеги 10500 сомго алмашылды.

- 2021-2022-окуу жылында мектептин кире бериш аянтчасындагы чуңкур жерлерди тегиздөө үчүн ата-эне( 7-б кл.) Калбеков Камалидин чоң машинада майда шагал түшүрүп, тегизделди.
- 2020-жылы декабрь айында мэриянын колдоосу менен мектептин биринчи кабатындагы 2 эшик жаңыланды (28000 сомдук).
- 2022- жылы 15- февраль " Китеп белекке берүү" күнүнө карата шаардык кеңештин депутаты , бүтүрүүчү окуучубуз Амаралиев Эрдөөлат 8-9-орус тилдүү класстарга 150 даана 31000 сомдук окуу китептерин белек кылды.

- 9-в классынын ата-энеси Абдилла кызы Дилфуза 1000 сомдук 5 даана -орус тилдүү класстарга окуу китебин алып берди.
- 3-в классынын ата-энеси Турдуматова Айсара 2000 сомго 4-класстар ( орус тилде окутуу) үчүн 10 Дагы 3 ата-эне даана окуу китебин белекке берди.
- 8- а классынын ата- энеси Камарова Айсалкын 15 кап цементти мектепке жардам катары тапшырды.
- Шаардык олимпиаданын 3 байгелүү орун алган окуучуларыбызга 2 жараан 500 (1500) жана 200 (600) сомдон ар бирине сыйлык тапшырды.
- 4-в классынын ата-энеси Мураталиева Айсулуу 2000сомдук 9 даана китеп алып берген.
- 2021-2022-окуу жылын жыйынтыктоочу линейкасына "Чынгызхан" фотостудиясынын жетекчиси Сулайманов Жунусалы Шамшиевич ( 6000 сом) жана мектептин бүтүрүүчүсү Адылбеков Алишер Асилбекович (1000 сом) өлчөмүндө спонсордук жардам көрсөтүштү.
- 2022-жылдын июнь айында шаардык мэрия тарабынан берилген 23 тосмо (узундугу 3 м) мектептин алды жагындагы эски тосмолор менен алмашылды.
- Башталгыч класстардын кирүү тарабына көргөзмө катары 15 даана банерлер дубалына илинди.

**Б) Окутуунун сапатын жогорулатуу максатында**

- Бардык класстарда негизги сабактар боюнча предметтик мугалимдер менен камсыз болушу.
- Ата- энелер менен тыгыз байланыштын тузулүүсү ишке ашырылууда.
- Кызыл-Кыя "Сапат" билим берүү мекемеси менен тыгыз байланыштын түзүлүүсү.
- Шаардык, областтык, республикалык деңгелдеги түрдүү олимпиада, конкурстарга катышып, байгелүү орундарга ээ болушу.
- 2021-жылдын 13-ноябрь айында 9-а классынын окуучусу Анназарова Айзирек Баткен шаарында Юнисеф уюму тарабынан уюштурулган " Техкыздар" проектисинде "Мыкты катышуучу" сертификатына ээ болду.
- 2021- жылдын 15-ноябрында 10-а классынын окуучусу Камчиева Мээрим Баткен шаарында өткөн экологиялык конкурста "Мыкты катышуучу" сертификатына ээ болуп келди.
- 2021- жылдын 29- декабрында шаарда өткөрүлгөн USAID дин "Окуу керемет"долбоорунун " электрондук китепти окуу боюнча чемпионат" жана "Эки бөлүктүү күндөлүк жасоо" конкурсунда 2-а классынын окуучусу Кабылов Байжигит1- орунга ээ болду. Мугалими Тойгонбаева Б.
- 2021-2022-окуу жылында шаарда өткөрүлгөн предметтик олимпиадада :

  А) кыргыз тили сабагынан 10-класстын окуучусу Камчиева Мээрим 1- орунга,
  Б) кыргыз тили сабагынан 11- класстын окуучусу Салиева Гүлзийнат 2- орунга ,
  В) география сабагынан 11-класстын окуучусу Алтыбаев Файзидин 3- орунга ээ болушту.

- 2022-жылдын 24-январында КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин , USAID уюмунун тарабынан өткөрүлгөн " Насилию нет отправдания" республикалык конкурсунда катышкан биздин мектеп окуучуларынын " Жаркын жашоо" командасы ( 3 окуучу)Ыраазычылык кат менен сыйланды. Жетекчиси – соц педагог эжекебиз Атаханова Ш.

- 2022-жылдын февраль айында өткөрүлгөн “ Манас таануу” конкурсунун регионалдык турунда мектептин “Саякбай” командасы 1- орунду камсыздашты.Жетекчиси кыргыз тили мугалими Умаралиева Т.
- 2022- жылдын 16-мартында шаарда өткөрүлгөн “Жоокер ыры”конкурсунун патриоттук ырларды аткаруу боюнча 10-класстын окуучусу Абдурахманова Акэрке 2- орунга ээ болду ( 1- орун болгон жок).
- 2022-жылдын март айында республикалык мастабда “Жашыл жарым ай коому” тарабынан өткөрүлгөн “ Зыяндуу жаман адаттардан арылабыз “ аттуу карикатуралык сүрөт тартуу конкурсунда 3 окуучубуз ( Абубакиров Рамис 10-кл. Жанибеков Байымбет 9-кл. Жамгырчиева Асел 7-б кл.) мыкты сүрөттөрү үчүн сертификат менен сыйланышты.
- 2022- жылдын март-апрель айында Кыргыз почтасы тарабынан өткөрулгөн “ Климаттын өзгөрүшүнө эмне учүн жана кандай реакция кылуу керектиги жөнүндө таасирдүү адамга кат жазыныз” деген темадагы эпистолярдык жанрдагы дилбаяндар сынагынын шаардык турунда 8- в классынын окуучусу Асанова Зульфия кызыктыруучу байгелүү орунга ээ болду. Мугалими Ахтариева Р.Ф.
- 2022- жылдын апрель- май айында шаарда 5-6- класстар арасында предметтер боюнча өткөрүлгөн ИРЖОдо мектебибиз жалпы упайлардын саны боюнча шаарда байгелүү 4- орунга ээ болуп, 6 предметтерден жогорку орундарды ээлешти. Аларды даярдаган мугалимдер : Мурзабекова Ыкыбал ( биология муг.), Исмаилова Бүамина ( кыргыз тили муг.),Пирматова Гулсана жана Кудаяров Залкар ( тарых муг.).

1. Биология 6-г кл. Акбаралиева Хадича 1-орун
2. Кыргыз тили 5-а кл. Багышкулова Айзирек 3-орун
3. Кыргыз тили 6-а кл.Аширалиева Акмарал 2-орун
4. Тарых 5-а кл.Тойчиева Айгүл 1-орун
5. Тарых 5-б кл.Курбанова Сабира 2-орун
6. Тарых 6-в кл. Идирисов Абубакир 1-орун

- 2022-жылдын май айында Баткен областы боюнча Т. Касымбековдун “ Сынган кылыч” чыгармасы боюнча “ 10-11- класстар арасында өткөрүлгөн “Окурман окуучу” сынагында алдынкы 7 окуучунун катарында ( 4,5,7) 3 окуучубуз Салиева Г, Асалбеков М, Кадырбек кызы Ширин байгелүү орундарга ээ болуп,түстүү телевизор жана VR очкилери менен сыйланышты.
- 2022-жылдын 7-июнь күнү башталгыч класс мугалими Тойгонбаева Буайша эжекебиз USAIDдин “Окуу керемет” долбоору алкагында өткөрүлгөн “ Эн мыкты окуу сабагынын план- конспектиси 2021-2022” республикалык сынагында байгелүү 2- орунга ээ болду.
- 2022-жылдын март айында түштүк регион боюнча өткөрүлгөн “Заманбап мугалим-2022”сынагына биздин мектептин башталгыч класс мугалимдери Абдыкадырова Гөваркан,Осмонова Гулдана эжекелер сынактын I жана II турунан өтүшүп сертификаттар жана белектер менен сыйланышты.


**В) Спорттук жетишкендиктер**

- 2022-жылы шаарда мектеп лигасы боюнча кыздар арасында өткөрүлгөн волейбол бонча мелдеште 3- орунга ээ болушту.
- 2022-жылдын февраль айында шаарда өткөн “ Түштүк региондор боюнча күрөш” турунда мектеп окуучулары: 7-б классынын окуучусу Айтиев Абдулмомин 1- орунду , 8-в классынын окуучусу Курбанов Мухаммед 1-орунду, 8- в класс Разаков Разык 3- орунду , 4-а классынын окуучусу Айтиев Умарбек 2-орунду ээлешти.


- 2022-жылдын май айында өткөрүлгөн Республикалык жаштар арасында өткөрүлгөн стол тенниси боюнча чемпионатта 9-в классынын окуучусу Абдурахманов Нуртилек байгелүү 1- орунга ээ болуп келди.

- 2022- жылдын июнь айында Баткен областында билим берүү кызматкерлери арасында “Ден соолук” спартакиадасы өткөрүлдү. Кызыл-Кыя курама командасы спорттун ордо түрү боюнча өткөрүлгөн мелдеште биринчи орунга ээ болду.Биздин мектептин дене тарбия мугалими Кадырбек у Курманбек спорттун ордо түрү боюнча “Мыкты оюнчу” наамы менен сыйланды
- 2021- 2022-окуу жылында эксперименталдык окуу планы менен төмөнкүдөй варианттар боюнча окутулду:
  I баскычта - 1 – 4 класстар базистик вариант
  II баскычта - 5 – 9 класстар базистик вариант
  III баскычта – 10 – 11 класстар базистик вариант.
  Быйылкы окуу жылынын башында 876 окуучу менен 30 класс комплектиси түзүлдү.

**Жыл башында**




**Жыл аягында**




Быйылкы окуу жылында 11 класстын 26 окуучусу мамлекеттик экзаменге киргизилип, экзамендин жыйынтыгынын негизинде 26 окуучу орто билими жөнүндөгү аттестатка ээ болушту.
9- классты 86 окуучу аяктап,85 окуучу толук эмес билими тууралуу күбөлүккө ээ болушту.
Быйылкы окуу жылында бүтүрүүчү класстардан Жалпы Республикалык Тестирлөөгө 11 окуучу катышты.
Анын жыйынтыгы өткөн окуу жылдарына салыштырмалуу төмөндөгүдөй болду:

| Окуу жылы | Катышкан окуучунун саны | Эң жогорку балл | Эң төмөнкү балл | Орточо балл |
|---|---|---|---|---|
| 2016-2017 | 14 | 150 | 72 | 104,4 |
| 2017-2018 | 13 | 168 | 77 | 123,5 |
| 2018-2019 | 14 | 165 | 86 | 125,3 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2019-2020 | 15 | 174 | 78 | 113,2 |
| 2020-2021 | 15 | 215 | 73 | 111,4 |
| 2021-2022 | 11 | 164 | 65 | 112 |

**2021-2022-окуу жылында Токтогул атындагы №6 орто мектебинин ЖРТ боюнча маалымат**

| № | ФИО | негизги тест | математика | тарых | химия | билогия | англ.тили |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Алтыбаев Файзидин | 136 | 61 | 72 | 68 | | |
| 2 | Алимбаев Элдияр Даниярович | 92 | | | | | |
| 3 | Кубанычев Төлөгөн Азаматович | 84 | | | | | |
| 4 | Муратова Айсулуу Кадыралиевна | 120 | 42 | 76 | | | |
| 5 | Салиева Гулзинат Үсөновна | 164 | | 76 | | | 115 |
| 6 | Сайпидинова Мариям Жыргалбековна | 105 | | 39 | | | 73 |
| 7 | Сулайманова Умеда Турдубаевна | 65 | | 57 | | | |
| 8 | Токуров АбдулзахидСуйунбекович | 71 | | 50 | | | |
| 9 | Умаров Абдыкадыр Ысламидинович | 132 | | 79 | | | |
| 10 | Шергазыев Кубанычбек Тургунович | 154 | 83 | 90 | 53 | | |
| 11 | Юлдашева Бегимай Бакытбековна | 110 | | 65 | 42 | 50 | |
| | Орто эсеп менен | 112 | 62 | 67,1 | 54,3 | 50 | 94 |

Былтыркы окуу жылында тестирлөөнүн орточо баллы 111 баллды түзсө,быйылкы окуу жылында тестирлөөнүн орточо баллы –112 балл болду. Бул былтыркы окуу жылына салыштырмалуу 1 баллга жогору болду.

**Окуу жылы ичинде окуучулардын билим сапаты төмөндөгүдөй болду (% менен).**

| Класс | I чейрек | II чейрек | III чейрек | IV чейрек | жылдык |
|---|---|---|---|---|---|
| 1-а<br>1-б<br>1-в | | | | | |
| 2-а<br>2-б<br>2-в | | | 51<br>40<br>40 | 46<br>40<br>63 | 48,5%<br>40%<br>51,5% |
| 3-а<br>3-в | 43<br>46 | 45<br>41 | 39<br>41 | 51<br>49 | 45%<br>44,3% |
| 4-а<br>4-б<br>4-в | 42,3<br>52<br>45,4 | 46<br>44<br>40 | 46<br>50<br>42 | 44<br>54<br>46 | 44,5%<br>50%<br>43,3% |
| 5-а<br>5-б<br>5-в | 33<br>35<br>32 | 38<br>35<br>23 | 40<br>37<br>34 | 34<br>37<br>32 | 36,2%<br>36%<br>30,2% |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6-а<br>6-б<br>6-в<br>6-г | 40<br>31<br>37<br>28 | 46<br>41<br>46<br>40 | 41<br>37<br>43<br>33 | 41<br>37<br>41<br>31 | 42%<br>36,5 %<br>41,7 %<br>33% |
| 7-а<br>7-б<br>7-в<br>7-г | 28<br>31<br>36<br>38 | 36<br>38<br>25<br>38 | 36<br>36<br>21<br>39 | 32<br>36<br>15<br>45 | 33%<br>35,2 %<br>24,2 %<br>40% |
| 8-а<br>8-б<br>8-в | 23<br>39<br>37 | 36<br>33<br>34 | 31<br>32<br>35 | 25<br>36<br>22 | 29%<br>35%<br>32% |
| 9-а<br>9-б<br>9-в | 33<br>39<br>26 | 38<br>42<br>32 | 35<br>43<br>30 | 38<br>34<br>25 | 36%<br>39,5 %<br>28,2% |
| 10-а | 28 | 31 | 35 | 30 | 31% |
| 11-а | 26 | 35 | 38 | 35 | 33,5 % |
| Мектеп боюнча | 38% | 38% | 38,7% | 38,2% | 38,2% |

Таблицада көрүнүп тургандай окуу жылы ичинде окуучулардын саны 17 окуучуга азайган. Бүгүнкү күндө мектептин окуучуларынын турмуш-шарты менен, жашаган жери менен жакындан таанышып, ата-бири болуп калууда.
Ал эми билим сапаты жыл ичинде 38,2 % и түздү. Бул мектепте билим берүү иши “канааттандыраарлык” экендигин далилдейт. Өзгөчө башталгыч класстарында жана 5-класстарда жана 6-а, 6-в класстарында билим сапаты окуу жыл ичинде жакшы көрсөткүчтөрдү (орточо 40 % жог.) көрсөттү. Ал эми билим сапаты төмөн класстардын ичинде 8-а 29 %, 7-в 24,2% ти көрсөттү. Бул кийинки окуу жылында ушул класстарда окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн кошумча иш чараларды жүргүзүүнү жана административдик текшерүүнү талап кылат.

Мугалимдер арасында тажрыйба алмашуу, чыгармачылык менен иштөө. Өз билимин өркүндөтүү үчүн бири-биринин сабактарына катышуу чоң роль ойнойт. Ошондуктан быйылкы окуу жылында предметтер боюнча төмөнкүдөй ачык сааттардын графиги түзүлдү.Мыкты ачык сабактарды өткөн мугалимдер, Адылбекова Б, Алимбаева Т, Ахтариева Р, Душоева Г, Сарытаева Д, Атаханова Ш,Тойгонбаева Б,Эргешова Г ,Тагаева А эжекелер болду.

| **№** | **Мугалимдердин тизмеси** | **пред мет** | **сентябрь** | **октябрь** | **ноябрь** | **декабрь** | **январь** | **февраль** | **март** | **апрель** | **май** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **Абдикарим к Айтунук** | **анг.т** | | | | | | | | | |
| **2** | **Мурзабекова Ыкыбал** | **биолог** | | | | | | | | **А** | |
| **3** | **Абдыкадырова Говар** | **башт.к** | | | | | | | **А** | | |
| **4** | **Абжапарова Бегимай** | **анг.т** | | | | **А** | | | | | |
| **5** | **Абылкасымова Нуркан** | **музыка** | | | | | | | | | **А** |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Адылбекова Бактыгүл | башт.к | | | | | | А | | | |
| 7 | Алимбаева Тахиба | кырг.т | | | | А | | | | | |
| 8 | Аманбаева Бүрабия | кырг.т | | | | | | | А | | |
| 9 | Амираев Мыктывек | дене.т | | | А | | | | | | |
| 10 | Атаханова Шайыргүл | биолог | | | | | | | | | |
| 11 | Ахтариева Рашида | орус.т | | | | | А | | | | |
| 12 | Бекенова Гулмира | инф | | | | | | | | А | |
| 13 | Дадаева Тахмина | физика | А | | | | | | | | |
| 14 | Дүйшоева Гулпери | матем | | | | | А | | | | |
| 15 | Жалалова Алтынай | башт.к | | | А | | | | | | |
| 16 | Жанали к Жазгул | физика | | | | | | | А | | |
| 17 | Зайлабидин к Нурзия | матем | | | | | | | | | |
| 18 | Исакова Айзада | орус.т | | | | | А | | | | |
| 19 | Исмаилова Буалима | кырг.т | | | | | | | | | |
| 20 | Калматова Миргүл | кырг.т | | | | | | | | А | |
| 21 | Кудаяров Залкар | тарых | | | А | | | | | | |
| 22 | Мамазиева Динара | англ.т | | | | | | | А | | |
| 23 | Маматалиева Жазгул | англ.т | | | | | | | А | | |
| 24 | Мурзакматова Зарипа | матем | | | | | | А | | | |
| 25 | Пирматова Гүлсана | тарых | | | | А | | | | | |
| 26 | Рамазанова Нурия | башт.к | | | | | | | | | А |
| 27 | Сарытаева Дилбаркан | геог-я | | | | | А | | | | |
| 28 | Тайланова Өктөм | тарых | А | | | | | | | | |
| 29 | Тойгонбаева Буайша | башт.к | | | | | | | А | | |
| 30 | Толубаева Мээрим | башт.к | | | | | | | | | |
| 31 | Турдуматова Айбаркын | кырг.т | | | | | | | | | |
| 32 | Умаралиева Турсунхан | кырг.т | | | | | | | | А | |
| 33 | Осмонова Гулдана | башт.к | | | | | | | | | |
| 34 | Эгембердиева Акдана | химия | | | | | А | | | | |
| 35 | Эргешова Гулбайра | башт.к | | | А | | | | | | |
| 36 | Тагаева Айгүл | англ.т | | | | | | | А | | |
| | | А- ачык сабак | | | | | | | | | |

Мектепте бир нече ийримдер түзүлгөн. Аларга жалпы 267 окуучу катышты. Ийримге шыктуу, кошумча билим берүүнү талап кылган, турмуш шарты оор үй- бүлөнүн балдары тартылган.

Быйылкы окуу жылында 30 класс комплектиси түзүлүп, окутулуучу класстардын саны 1-4-класстарда 271 саат, 5-9-класстарда 550 саат, 10-11-класста 67 саатты түздү. Быйылкы окуу жылында мектепте 39 мугалим сабак беришүүдө. Эң көп саат жүктөмү 30 саатты (Математика мугалими Мурзакматова З,орус тили мугалими Ахтариева Р. ) түздү

Ал эми класстан тышкаркы окуулар үчүн 1,25 ставка предметтик, 1,25 ставка спорттук ийримдер үчүн берилди. Анын негизинде 6 предметтик ,3 өнүктүрүүчүлүк . 8 спорттук ийримдер түзүлүп, 11 мугалимге кружоктук сабак өтүү бекитилди. Мектеп окуучулары төмөнкүдөй режимде окутулат 1- сменада 8:30да башталып, 27 класс окуйт. Ар бир сааттын узактыгы 45 минутаны түзүп 6-саат 13:40 мин.бүтөт. 4-сааттан кийин 15минуталык чоң перемен болот. Ал эми 2-сменада 3 башталгыч класс(2-б,3-в,4-в) окуйт. Сабактар 12:05_башталып,_16:10 аяктайт.

Сабактардын жадыбалы окуу планынын жана сабактардын бөлүнүшүнүн негизинде расписание түзүлдү. Күнүнө 6,7 саттан койулду.

**«Шыктуу балдар» менен иштөө программасы жакшы жолго коюлуп келе жатат.**
Мектепте окуу бөлүмүнүн башчысынын алдында жана ар бир предметтик мугалим тарабынан «Шыктуу балдар» менен иштөө иш планы түзүлүп. Анын үстүндө иш алып барылууда. Мектеп бонча сабактарда жакшы окуган өзгөчө шыгы бар 2-11-класстарда 160 окуучунун фамилиясы такталды. Шаардык предметтик олимпиадага, түрдүү конкурстарга даярдоодо мугалимдин ролу зор экендиги белгиленип, мугалимдерге өзгөчө тапшырма жүктөлдү. Предметтер аралык шаардык олимпиадага катышуучу «Шыктуу балдар» тобу мене иштөөдө кыргыз тили мугалими орус тили мугалими Исакова А.Т. Ахтариева Р.Ф., тарых мугалими Тайланова Ө, математика мугалими Мурзакматова З., Дуйшоева Г., англис тили мугалими Абдикерим к А., химия-биология мугалимдери Атаханова Ш., Эгембердиева А. га өзгөчө көңүл буруу эскертилди. Башталгыч класстарда «Шыктуу балдар» менен иштөө жакшы жолго коюлган. Ар бир мугталимде предметтер боюнча атайын иш пландар түзүлүп, ар бир окуучу менен өзүнчө иш- чаралар жургузулуп, жасалган иш -чаралар боюнча папкалар түзүлгөн. Шыктуу балдар менен иштөө пландарын түзүүдө мугалимдер Тойгонбаева Б, Ахтариева Р, Сарытаева Д , дын чыгармачылык менен иштеп жаткандыгы белгиленди.

**Өздөштүрүүсү начар окуган окуучулар менен иштөө мектептеги негизги проблемалардын бири.**
Себеби азыркы шартта окуучулардын сабакка болгон кызыгуусуна көп шарттар тоскоолдук болууда. Мисалы: ата-энелердин чет өлкөдө эмгек миграциясында көп жүрүшү, телефон, интернеттен окуучулардын керексиз сайттарга кирип окуучулардын көп көңүл буруусу; сабак окууга аз конүл буруулары ж.б. Мектеп боюнча сабактарда начар окуган, көп калган 2-4- класстарда 32 окуучу 5-11-класстардын 68 окуучусунун фамилиясы такталды. Класс жетекчилер,предметтик мугалимдер тарабынан окуучулар жөнүндө маалыматтар такталып, керектүү иш чаралар алып барылды.Жалпы мектептик жана мугалимдер тарабынан предметтик иш пландар өз убагында түзүлдү. Өзгөчө жакшы иш пландары Сарытаева Д. Исакова А, Ахтариева Р,Атаханова Ш, Эгембердиева А.Д, Пирматова Г,Мурзакматова З, Алимбаева Т жана башталгыч класс мугалимдери Тойгонбаева Б, Адылбекова Б,Абдыкадырова Г,Осмонова Г,Эргешова Г тарабынан түзүлгөн. Бирок калган предметтик мугалимдер тарабынан жетиштүү иштер жүргүзүлө элек. Ошондуктан окуу бөлүмү тарабынан «Өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөө» терендетүү максатында бир катар иш-чараларды өткөрүү пландаштырылып, тиешелүү мугалимдерге тапшырмалар берилди.

## Токтогул атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы башталгыч класстарынын окуу бөлүмүнүн башчысынын жылдык отчёту

2021-2022-окуу жылында башталгыч класстарда 11 класс комплекти менен 8 мугалим эмгектенди.Алардын бешөөндө окутуу кыргыз тилинде, 6 класста окутуу орус тилинде жүргүзүлдү. 2021-жылдын 28-августунда башталгыч класстардын мугалимдеринин чогулушу болуп, жылдык иш план менен таанышышты жана бекитилди.Жылдык календардык-тематикалык пландарды өз убагында түзүштү.

Сентябрь айында мектеп менен ата-энелердин ортосунда келишим түзүлдү,мугалимдер шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөөнүн пландарын даярдап бекиттипишти. “Окуу керемет!” долбоорунун модулдарына катышышып,ар кандай стратегияларды сабактарда пайдаланышты. Октябрь айында 2-4-класстардын окуу темптери текшерилди.

Ноябрь айында “Инсанга багытталган чөйрө” аттуу семинар өткөрүлдү. “Менин сүйүктүү электрондук китебим” деген темада 1-4-класстар арасында шаардык деңгээлде сынак өткөрүлдү. Мектеп ичинде 4-а классынын окуучусу Батирова Фатима, 3-а классынын окуучусу Ниязбекова Нурия,2-а классынын окуучусу Кабылов Байжигит сыяктуу окуучулар жеңүүчү деп табылып, шаардык турга катышып келишти.Кабылов Байжигит областтык турга өттү.

Декабрь айында жазма иштердин норма боюнча алынышы каралды. “Жаңы жыл – сүйүктүү майрамым” аттуу класстык сааттар өтүлдү.
Январь айында башталгыч класстын мугалимдери USAIDдин “Окуу керемет!” долбоорунун алкагында математика сабагы боюнча модулдарга катышышты.

Февраль айында өз ара сабактарга кирүү дептерлери текшерилди. 4-а класстын жетекчиси Адылбекова Бактыгүл шаардык деңгээлде мекен таануу сабагынан "Казакстан" деген темада ачык саат өтүп берди. Март айында "Жаз-жаратылыш майрамы" деген темада жумалык өттү. Жумалыкка бардык башталгыч класстар активдүү катышышып,жумалыктын ачылышы, сүрөт көргөзмөсү, тарбиялык сааттар,энелер мектеби,акырында жыйынтыктоо болду. 4-б классынын жетекчиси Эргешова Гүлбара адабий окуу сабагынан үлгү сабак көрсөттү.
Апрель айында 4-класстарды жалпы текшерүү болду.Текшерүүнүн жыйынтыгы педагогикалык кеңешмеде каралды. 3-а классынын жетекчиси Жалалова Алтынай кыргыз тили сабагынан шаардык деңгээлде үлгү сабак өттү. Өтүлгөн сабактар "Sabakapp" программасы боюнча эң мыкты деп бааланды. Бүткүл дүйнөлүк Китеп жана автордук укук күнүнө карата 2-а классынын жетекчиси Тойгонбаева Буайша эжеке "Китеп-жан дүйнөнүн азыгы" деген темада ачык тарбиялык саат өтүлдү.
Май айында 1-а,б,в класстарында "Алиппе майрамы" өткөрүлдү.
4-а классында Адылбекова Бактыгүл эжеке "Ата Журтум-ата мурасым,сыймыгым!" деген темада ачык тарбиялык саат өттү.
2021-2022-окуу жылындагы башталгыч класстардын иш аракеттери канааттандырарлык деп эсептесек болот.

## Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2021-2022-окуу жылында жаш мугалимдер менен иштөө боюнча жылдык отчёт

2021-2022-окуу жылында мектепте 7 жаш мугалим эмгектенди.Жыл башында ар бир жаш адиске насаатчылар бекитилди.

| № | ФИО | предмети | стажы | насаатчысы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Маматбаева А | Орус тили | 2 | Ахтариева Р |
| 2 | Эмирбек к э | информатика | 0 | МурзакматоваЗ |
| 3 | Толубаева М | Башт кл | 1 | Тойгонбаева Б |
| 4 | Токтосунов А | Дене тарбия | 1 | Бекенова Г |
| 5 | Мамазияева Д | Англис тили | 0,6 | Тайланова Ө |
| 6 | Маматалиева Ж | Англис тили | 0,4 | Исакова А |
| 7 | Абдуллаева Н | Англис тили | 0 | Турдуматова А |

Насаатчылар тарабынан аларга мектеп иш кагаздарын жүргүзүү,календардык-тематикалык пландарды түзүү,күндөлүк пландарды жазуу тартиби сыяктуу иштер үйрөтүлдү.
Жаш адистин иш пландары түзүлдү,портфолио тууралуу маалымат берилип,аны толтуруу жөнүндө көрсөтмө берилди.
Азыркы сабакка коюлуучу талаптар боюнча тааныштыруу иштери жүргүзүлдү.
Ар бир жаш адистин сабактарына катышып,анализ берүү менен алардын муктаждыктары жөнүндө аңгемелшүүлөр жүргүзүлдү.
Насаатчылар Ахтариева Р жана Тойгонбаева Б эжекелер жаш мугалимдерге "Баалоонун нормативдери" деген темада семинар өтүп беришти.Семинардын алкагында Баалоо жана аны ишке ашыруудагы ар түрдүү усулдар көрсөтүлдү.Буга жаш мугалимдер толук катышышып,өз суроолоруна жооп таба алышты.
Насаатчылар Исакова А жана Мурзакматова З тарабынан "Мугалим-ата-эне-окуучу" деген темада семинар өткөрүлдү.Бул семинарда жаш мугалимдин тарбиячылык сапаттарын өнүктүрүү боюнча тапшырмалар берилди,ар кандай кырдаалдарда жол табуу ыкмалары көрсөтүлдү.Ар кандай кызыктуу оюндар менен коштолуп,кызыктуу жана жугумдуу болду.
Биринчи жарым жылдыкта биздин бир топ жаш мугалимдерибиз жумуштан жүйөлүү себептер менен кетишти:Мисалы,Токтосунов А армиянын катарына кызмат кылууга кетти,Маматбаева А менен Толубаева М турмушка чыгышты,ал эми Абдуллаева Нуржамал,Маматалиева Ж декреттик отпускага кетишти.Ал эми Эмирбек к Э ден-соолугуна байланыштуу жумуштан бошоду.Бирок жаш мугалимдердин катарын Жаналы к Ж, Зайлабидин к Н, Дадаева Т сыяктуу мугалимдер толукташты,аларга төмөнкү насаатчылар бекитилди:

| № | ФИО | предмети | стажы | насаатчысы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жанали к Ж | физика | 0 | Мурзабекова Ы |
| 2 | Дадаева Т | физика | 0 | Тагаева А |
| 3 | Зайлабидин к Н | математика | 0 | Дүйшөева Г |

Январь айында орус тили мугалими Амирбек к М, биология мугалими Дадаева С эмгектене башташты.Бул жаш мугалимдерге бекитилген насаатчылар:

| № | ФИО | предмети | стажы | насаатчысы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Амирбек к М | Орус тил | 0 | Ахтариева Р |
| 2 | Дадаева С | биология | 2,5 | Атаханова Ш |

Амирбек к Мээрим февраль айында ден-соолугуна байланыштуу жумуштан кетти.

Апрель айында дагы эки жаш мугалим жумушка алынып,төмөнкү насаатчылар бекитилди:

| № | ФИО | предмети | стажы | насаатчысы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кадырбек уу К | Дене тарбия | 0 | Амираев М |
| 2 | Касымбек к А | Орус тили | 2,6 | Исакова А |

**Азыркы күндө төмөнкү жаш мугалимдер иштеп жатышат:**

| № | ФИО | предмети | стажы | насаатчысы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мамазияева Д | Англис т | 1,1 | Тайланова Ө |
| 2 | Жанали к Ж | физика | 0,7 | Мурзабекова Ы |
| 3 | Дадаева С | биология | 2,8 | Атаханова Ш |
| 4 | Дадаева Т | физика | 0,7 | Тагаева А |
| 5 | Зайлабидин к Н | Математика | 0,6 | Дүйшөева Г |
| 6 | Абдуллаева Насиба | Информатика | 0,3 | Бекенова Г |
| 7 | Касымбек к А | Орус тили | 2,6 | Исакова А |
| 8 | Кадырбек уу К | Дене тарбия | 0 | Амираев М |

Март айында жаш мугалимдерге ачык сааттардын графиги коюлуп, алар убагында ачык сааттарды өтүп беришти. Апрель айында жаш мугалимдердин отчёту болуп,өздөрүнүн портфолиосун, иш кагаздарын, көрсөтмө куралдарын презентация кылышты. Отчеттун жыйынтыгында жаш адис Мамазияева Д шаардык жаш мугалимдердин көрсөтүлүп,натыйжада ийгиликтүү катышып келди.
2021-2022-окуу жылындагы Токтогул атындагы орто мектебинин жаш мугалимдеринин иш аракеттерин канааттандырарлык деп эсептесек болот.

**2021-2022– окуу жылында окуу-тарбия иштеринин пландарын аткаруу максатында бир катар иш чаралар жүргүзүлүп, тийиштүү кеңешмелерде каралды:**

**Педагогикалык кеңешме**

Быйылкы 2021-2022– окуу жылында окуу-тарбия планынын негизинде 9 педагогикалык кеңешме өткөрүлүп төмөнкүдөй маселелер каралып, тийиштүү чечимдер чыгарылды:

1. Өткөн окуу жылынын жыйынтыгы,жаңы окуу жылынын милдеттери.
2. Мугалимдерди тарификациялоо.
3. Түрдүү дайындоолорду бекитүү.
4. Жаңы окуу жакында окуучуларга жаңы дем (семинар)
5 чейректин жыйынтыгы
6 Чейрек ичинде окуучулардын сабакка катышуусун анализдөө
7 “Идеалдуу мугалим” семинарын өтүү

19.КРнын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы№54 " Кыргыз Республикасында үй-бүлөл салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө жарлыгы менен тааныштыруу жана аткаруу.
20. 11- класстын бүтүрүүчүлөрүнүн ЖРТга даярдыгы боюнча маалымат.
21. 8-9-класстарда кыргыз тили сабагынын окутулуу абалы.
22.Кыргыз Республикасынын Президентинин " Инсандын руханий- адеп -ахлахтык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү" Жарлыгын аткаруу .
23. 5-9-орус класстарда кыргыз тилинин окутулушу.
24. КРнын билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 24- февралындагы № 219\1 " КРнын жалпы билим берүүчү мектептеринин мугалимдери тарабынан жүргүзүүгө милдеттүү болгон документтердин тизмеси "боюнча буйругу менен таанышуу.
25. Граждандык коргонуу күнүн өткөрүү.
26. Бүтүрүү экзамендеринин расписаниесин түзүү жана бекитүү
27. 1-4- класстардын окуу темпин баалоо.
28. Кызыл-Кыя шаардык мэриясы тарабынан шаардагы билим берүү мектептериндеги билим берүү абалы жөнүндөгү коллегиясынын маалыматтары менен тааныштыруу жана иш- чараларды бекитүү.
29. Бүтүрүү экзамендерине даярдануу.
30. Мектепти ремонтоого даярдануу.
31.Жаштар арасындагы кылмыштуулукту болдурбоо жана алдын алуу иштерин жүргүзүү,түшүндүрүү.
32.Мектеп ичиндеги тартип бузган окуучулар менен иштөө.
33.Жай мезгили сууга түшүү эрежесин эскерүү.
34. " Акыркы конгуроо" салтанаттуу иш- чарасын өткөрүү жөнүндөгү КР ББжИМдин 2022-жылдын 18-майындагы №919/1 буйругу , буйруктун 1-тиркемеси жана Кызыл-Кыя шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 20-май №45 буйругу менен тааныштыруу.
35. Буйруктардын жана 1- тиркеменин негизинде мектепте " Акыркы конгуроо" салтанаттуу иш-чарасын өткөрүү боюнча иш- чараларды бекитүү .
34. Мугалимдерди жана 11-класстын окуучуларын мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүү.
35. 9-июнь акыркы коңгуроо аземин өткөрүү боюнча 9-11- класстын окуучулары, ата-энелери жана ИДН кызматкерлери менен жолугушуу.

**Директор алдындагы кеңеш жогорудагы маселелерди карап чыгып төмөнкүлөрдү сунуш кылды:**

1. Тарификацияланган сабактарды программа боюнча так, өз убагында өтүү сунушталды.
2. Быйылкы окуу жылындагы 876 окуучу 30 класс комплектиси менен предметтик мугалимдер жана класс жетекчилер тыгыз иштөөсү белгиленди.
3. Мектеп жетекчилиги жана мугалимдер ортосунда эмгек келишими 1 жылдык мөөнөткө түзүлдү.
4. Жаш мугалимдер менен иштөө иши такай, план менен жүргүзүлүүсү,жүргүзүлгөн иш- чаралар боюнча фото отчетторду берүү сунушталды.
5. 2-4-класстарда окуу ылдамдыгынын абалы канааттандыраарлык деп бааланды . Окуу ылдамдыгы төмөн болгон 3-в жана 4-в класстарынын жетекчилери окуу техникасына өзгөчө көнүл буруусу жана бардык класстарда 3-чейректе кайра окуу техникасынын абалы текшерүүгө алуусу сунушталды.
6. Мектептин 2021-2022- окуу жылында өрт коопсуздугунун алдын алуу жана кышка даярдануу иштеринин абалы канааттандыраарлык деп белгиленди.
7. 28- ноябрда болуучу шайлоого мектептеги даярдык канааттандыраарлык деп белгиленип, мугалимдердин үгүт иштерине катышпоосу эскертилип, кол тамгалары алынды.

8 Мектептин 2021-2022- окуу жылында институционалдык жана программалык акредитациялоодон өтүшү жөнүндө (доклад жасоочу Д.Т. Сарытаева)
9 Институционалдык жана программалык аккредитациялоодон өтүү үчүн мектептин ишмердүүлүгүнө өзүн- өзү баалоо отчетун бекитүү.
10 Мектеп окуучуларынын шаардык предметтик олимпиадага катышуусунун жыйынтыгы.
11 1-жарым жылдыкка окуучулардын сабакка катышуусу жана тартибине анализ берүү.
12 2-чейрек жыйынтыгы.
13 3-чейрек жыйынтыгы.
14 4-класстардын билимин текшерүү.
15 “Кургак учук айыгат” семинар
16 Бүтүрүүчү 9-11- класстардын окуучуларын ЖМАга киргизүү.
17 Дубликат аттестат,күбөлүктөрдү берүү.
18 1-8,10- класстардын окуучуларын класстан класска көчүрүү.
19 “Алтын балалык” реабилитациялык эс алуу лагерине мектептен бир окуучуну жөнөтүү.
20 9-б классынын окуучусу Мурзакулова Айымгүлдүн ЖМАга кирүүгө уруксат берүү.
21 9-в класстын 1 окуучусу Абдрахманова Г. Калтыруу.
22 2021-2022-окуу жылында 9- классты бүтүргөн 85 окуучуга толук эмес орто мектепти аяктагандыгы тууралуу жалпы негизги билими тууралуу күбөлүктү тапшыруу.
23 2021-2022- окуу жылында 11- классты бүтүргөн 26 окуучуга орто билими тууралуу аттестаттарды тапшыруу.

**Директор алдындагы кеңешме:**

Окуу жылынын ичинде ар бир айда бир жолу директор алдындагы кеңешме болуп, анда окуу - тарбия иштерин жакшыртуу максатында мектептин ички көзөмөлүндөгү текшерүүнүн жыйынтыктары каралды. Ички көзөмөл окуу планын негизинде азыркы жаңы талаптарды камтуу менен окуу программаларынын аткарылыщын жана мектеп документацияларынын жүргүзүлүүсүн көзөмөлдөөнү өз ичине камтыган. Алсак:

1.Мугалимдерди 2020-2021- окуу жылына тарификациялоо.
2. Окуучулардын санын тактоо жана 1- класска окуучуларды кабыл алуу.
3.Мугалимдер менен эки тараптуу келишим түзүү.
4. Жаш мугалимдер менен иштөөнүн абалы.
5. 2-4-класстарда окуу ылдамдыгын баалоо.
6. Өрт коопсуздугунун алдын алуу жана кышка даярдануу.
7. ЖК депутаттарын шайлоого мектептин шайлоо участкасын даярдоо жана шайлоого катышуу.
8. 9-11- класстарда математика сабагынын окутулуу абалы.
9. Шаардык предметтик олимпиадаларга жана спартакиадаларга катышуу.
10. Бүтүрүүчү 9,11-класстардын документтерин тактоо.
11. Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча китеп окуу конкурсун өткөрүү.
12. Окуучулардын өздүк делолорунун абалын текшерүү.
13. 5-6- класстарда информатика сабагынын окутулушу.
14. 5-6- класстарда англис тили сабагынын окутулуу абалы.
15.“2022-жыл Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы” жарлыгы менен таанышуу.
16. “ Ийгилик формуласы” кино- форумунун максаты, иш алып баруу принциптери, алтын эрежелер жөнүндө киришүү
17. 1- кейс . Видео роликтеги каармандардын абалы бонча талкуулоо. Ийгилик жөнүндө сүйлөшүү.
18. 2- кейс. Женил акча табуу . Жаман чөйрөдөн кайтуунун же ийгиликке жетүүнүн 10 жолу тууралуу талкулоо жана таанышуу.

8. Мектепте 9-11- класстарда математика сабагынын окутулуу абалы канааттандыраалык деп белгиленип, билим сапаты салыштырмалуу төмөн болгон 9-в жана 11-а класстары менен билим сапатын көтөрүү максатында кошумча сабактарды өтүү сунушталды
9. Шаардык предметтик олимпиадага окуучуларды дардоо ишин күчөтүү жана мугалимдердин даярдоо иштерини жүргүзүүсү , керек болгон окуу жабдыктарына болгон керектөөлөрдү камсыздо окуу бөлүмүнүн башчысы А. Эгембердиевага милдеттендирилди.
10. 9-11-класстын окуучуларынын документтерин тактоо жана керектүү формада даярдап жазуу клас жетекчилер Мурзакматова З, Атаханова Ш, Алимбаева Т. Га жүктөлдү.
11. Кыргыз тили усулдук бирикмеси тарабынан өткөрүлгөн Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча китеп окуу конкурсунун өткөрүлүшү "жакшы " деп бааланып, чейрек сайын окуу конкурсун өткөрүү сунушталды.
12. Класс жетекчилер тарабынан окуучулардын өздүк делолорун толтурууда бир түстөгү сыя колдонуу жана туура, таза, так бааларды түшүрүү белгиленди. 2. Жаш мугалимдердин өздүк делолор менен иштөөсүнө насаатчы мугалимдер тарабынан жакындан жардам берүү тапшырылды.
13. Информатика сабактарынын 5-6-класстарда өтүлүүсүн канааттандыраарлык деп баалоо менен, окуучулардын билимин баалоо максатында ар чейрек ичинде текшерүү иштерин алуу сунушталды.
14. Жаш мугалим Н.Абдуллаевага сабак өтүү методикасы боюнча насаатчы мугалим жана усулдук бирикме жетекчиси тарабынан жакындан жардам көрсөтүү сунушталды.
15. Англис тили мугалимдеринин медодикалык жана мектеп документтери менен иштөөсү канааттандыраарлык деп белгиленди.
16. Быйылкы жылдын аталышы боюнча класстык сааттар өтүлүү менен илинмелер бардык класстарга, мектептин көрүнүктүү жерлерине илинүүсү айтылды.
17. Жарлыкты аткаруу максатында мектепте түзүлгөн жылдык иш - чара мерчеми мугалимдер, класс жетекчилер, жалпы мектеп кызматкерлери тарабынан аткарууга алынды.
18. Окуу бөлүмү жана предметтик мугалимдер тарабынан бүтүрүүчү 11-класстын окуучуларына ЖРТга сапаттуу даярданууга жардам берүү, түшүндүрүү иштерин жүргүзүлдү.
19. Ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп, окуучулардын жыйынтыктары менен тааныштырып, окуучулардын даярдануусуна жакшы шартты түзүүгө көмөктөшүү белгиленди.
20. КРнын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 " Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө"жарлыгын ата-энелер , коомчулук арасында туура жеткирүүгө , түшүндүрүү иштерине активдүү катышуу белгиленди.
21. Калк арасында кездешүүчү үйлөнүү тойлорун , башка салтанаттуу кечелерди жана маркумду эскерүү үрп- адаттарын өткөрүүдө чектөө тартиптерин киргизүү сунушталды.
22. 5-9- орус тилдүү класстарда кыргыз тили сабагынын окутулуу абалы канааттандыраарлык деп белгиленди.
23. Кыргыз тилин окутууда тынымсыз окуу техникасын, жат жазуу алуу,өз алдынча иштөөлөрдөн берүүгө, сулуу жазууга үйрөтүүгө көнүл буруу менен интераетивдүү усулдарды пайдалануу менен сабак өтүү сунушталды.
24. Мектеп мугалимдери КРнын БИМнин 2020-жылдын 24-февралындагы №219/1 буйругунун 1-тиркемесинде мектеп мугалимдеринин милдеттүү түрдө аткаруучу иш кагаздарынын негизинде иш алып баруусу тааныштырылды.
25. Эмгек стажы үзгүлтүксүз 5 жылга чейинки мугалимдер кеңири түрдө сабактын планын жазуу жүргүзүүсү, тажрыйбалуу мугалимдер сабактын өтүү этаптары жана колдонуучу ыкма, маалыматтар жазуу менен сабактын планынын кыска түзүлүшүн жазуу сунушталды.
26. Мектепте өткөрүлгөн жарандык коргонуу күнүнүн өткөрүлүү абалы "жакшы" деп белгиленди.

**2021-2022-окуу жылында окуу бөлүмүнүн башчысынын алдындагы жүргүзүлгөн иштер боюнча маалымат**

2021-2022-окуу жылында мектепте окуу-тарбия ишин сапаттуу жүргүзүү максатында окуу бөлүмүнүн алдында иш-чаралар түзүлүп, окуу жыл ичинде төмөнкүдөй текшерүүлөр жүргүзүлдү:

- Окуу сааттарын жана ийримдерди бөлүштүрүү, мугалимдерди тарификациялоо
- Сабактардын жадыбалын түзүү
- Ачык сааттардын графигин түзүү
- Класстык журналдардын чейрек ичинде толтурулуу абалы
- 9-11-класстарда мектеп ичинде предметтик олимпиадалардын өтүлүшү
- 6-7- класстардын кыргыз тили сабагынын окутулушун текшерүү
- 1-чейрек жыйынтыгын чыгаруу
- 5-8-класстарда мектеп ичинде предметтик олимпиадалардын өтүлүшү
- 6-11- класстардын математика сабагынын айланма дептерлеринин абалы
- 2-чейректин жыйынтыгын чыгаруу .
- Өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөөнүн абалы
- Класстык журнал, делолордун абалы .
- Шаардык олимпиадага катышуу .
- 9-11- класстарда орус тили сабагынын окутулушу
- Мамлекеттик окуу программаларынын аткарылышы
- Педметтик ийримдердин окутулуу абалы
- 5-11-класстарда кыргыз тили жана адабият сабагынан жазма иштеринин алынышы.
- Күндөлүктөрдүн абалын текшерүү
- 1-4-класстарда мекен тануу сабагынын окутулушу.
- 2,3-чейректин жыйынтыгын чыгаруу.
- 3-чейрек аягында класстык журнал жана өздүк делолордун абалы.
- 11-класстын окуучуларын ЖРТ га каттоо, даярдоо.
- Граждандык коргонуу күнүн өткөрүү.
- Бүтүрүү экзамендеринин расписаниелерин түзүү жана тааныштыруу.
- 11-класстардын окуучуларынын Жалпы Республикалык Тестирлөөгө катышуусу.
- 4-чейректин жыйынтыгы жана окуу программаларынын окуу жыл ичинде аткарылышы
- Жылдын мыкты класстарын жана окуучуларын белгилөө.
- Класстык журнал, делолордун абалы жана аларды тапшыруу абалы .

